# АКАДЕМИЯЛЫК МОБИЛДҮҮЛҮК

жөнүндөгү
ЖОБО

ОшМУ-2022

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Бекитемин**
**ОшМУнун ректору**
**проф. К.Г. Кожобеков**

**_______________**

**"18" октябрь 2022**

# АКАДЕМИЯЛЫК МОБИЛДҮҮЛҮК ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБО

**Ош - 2022**

**Жобо колдонулган шартуу кыскартуулар**

1. Ош мамлекеттик университети – ОшМУ
2. Студент, магистрант – студент
3. Илимий-педагогикалык кызматкер – ИПК
4. Кыргыз Республикасы – КР
5. Кабыл алуучу окуу жай – КАОЖ
6. Жекече окуу план – ЖОП
7. Жиберүүчү окуу жай – ЖибОЖ
8. Факультеттин деканаты – ФД
9. Эл аралык байланыштар департаменти – ЭАБД

## Ош мамлекеттик университетинин академиялык мобилдүүлүк жөнүндөгү жобосу

### 1. Негизги жоболор

1.1. Бул Жобо Ош мамлекеттик университетинин (мындан ары – ОшМУ) студенттеринин, магистранттарынын (мындан ары - студенттердин) жана илимий-педагогикалык кызматкерлеринин (мындан ары – ИПК), ошондой эле ОшМУга келүүчү чет өлкөлүк студенттердин жана ИПКнын академиялык мобилдүүлүгүн жүргүзүүнүн негиздерин, тартибин жана шарттарын регламенттейт. Ошондой эле академиялык мобилдүүлүктү уюштуруунун маалыматтык, методикалык жана финансылык жактан камсыздалышы жөнүндөгү маалыматтарды камтыйт.

1.2. Бул жобо Кыргыз Республикасынын (мындан ары – КР) 2003-жылдагы билим берүү жөнүндөгү мыйзамдарына, окуу жайдын Уставына жана нормативдик-укуктук жобосуна ылайык иштелип чыкты. Ал чет өлкөлүк жана ата мекендик өнөктөш билим берүү мекемелери менен түзүлгөн келишимдердин жана меморандумдардын алкагында эл аралык кызматташтыкты жана академиялык мобилдүүлүктү ишке ашырууну көздөйт.

1.3. **Академиялык мобилдүүлүк** – бул студенттердин же ИПКнын билим алуу, иш сапарда болуу, илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, квалификациясын жогорулатуу жана симпозиум, семинар, форум, конференция ж.б. катышуу үчүн белгилүү бир академиялык мезгилге: 3 күн, 1 жума, 1 ай, 1 семестр, 1 жыл башка жогорку окуу жайына (мындан ары - ЖОЖ) орун которуусу. Студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн жүргүзүүнүн базалык мөөнөтү бир семестрди же академиялык жылды түзөт. Мөөнөтү аяктаган соң студенттер жана ИПК кайра өз окуу жайына кайтышат.

1.3.1. Бул Жобо академиялык мобилдүүлүктү студенттердин ОшМУдан тышкары билим алуусу катары аныктап, башка окуу жайда топтогон кредиттерин ОшМУда таанууну шарттайт.

1.3.2. **Академиялык мобилдүүлүктүн формалары.** ОшМУда академиялык мобилдүүлүктүн эки түрү жүргүзүлөт: сырткы (эл аралык) жана ички (ата мекендик). Академиялык мобилдүүлүктү дистанттык (он-лайн, виртуалдык, электрондук ж.б.) формада да жүргүзсө болот.

1.3.3. **Сырткы (эл аралык) академиялык мобилдүүлүк** – студенттердин жана ИПКнын белгиленген мөөнөттө чет өлкөлүк окуу жайларда, илимий мекемелерде билим алып, илимий иш жүргүзүп, иш сапарда болуп, практика өтөп, конок лекцияларды окуп, тренингдерди өткөрүп, конференция, семинар, форум ж.б. катышып, тажрыйба алмашып келүүсү. Ошол эле учурда чет өлкөлүк окуу жайлардан жогоруда белгиленген максаттарда ОшМУга келген студенттердин жана ИПКнын сапарлары сырткы (эл аралык) академиялык мобилдүүлүк болуп саналат.

1.3.4. **Ички (ата мекендик) академиялык мобилдүүлүк** ОшМУнун КРдин ЖОЖдору менен түзгөн эки тараптуу кызматташуу келишимдеринин жана “Ош декларациясынын” негизинде студенттердин жана ИПКнын ата мекендик окуу жайларда, билим алып, илимий иш жүргүзүп, практика өтөп, тажрыйба алмашып

келүүсү. Ал эми ата мекендик окуу жайлардын студенттеринин жана окутуучуларынын ОшМУда окуп, тажрыйба алмашышы дагы ички академиялык мобилдүүлүктүн алкагында уюштурулат.

1.3.5. Башка ЖОЖдо билим алуунун, тажрыйба алмашуунун узактыгына жана кыскалыгына жараша студенттердин академиялык мобилдүүлүгү узак жана кыска мөөнөттүү болуп бөлүнөт. **Кыска мөөнөттүү мобилдүүлүк** – бул студенттердин башка билим берүү мекемесинде 1 айдан көп эмес мезгил (мисалы, 1-2 жума, 20 күн, 1 ай) окушу, ошондой эле кыска убакыттын ичинде конференцияларга, семинарларга, форумдарга, симпозиумдарга, жайкы/кышкы мектептерге ж.б. катышышы. Бул учурда студенттерге топтогон кредиттери көрсөтүлгөн документтердин берилүүсү шарт эмес, окулган дисциплиналардын сааттары белгиленген маалым каттын жана иш-чарага катышуусу көрсөтүлгөн сертификаттардын ыйгарылуусу жетиштүү. Ал эми **узак мөөнөттүү мобилдүүлүк** студенттер бир айдан көп мезгил аралыгында башка окуу жайда билим алуусун билдирет. Ал өздөштүрүлгөн дисциплиналар боюнча топтолгон кредиттер түшүрүлгөн ведомосттун жана окугандыгын тастыктоочу сертификаттын болуусун талап кылат.

1.3.6. Узак мөөнөттүү мобилдүүлүктүн зарыл шарты катары кабыл алуучу окуу жайга (мындан ары - КАОЖ) өздөштүрүүгө тийиштүү болгон бардык дисциплиналарды камтыган жекече окуу графикти (мындан ары – ЖОП) түзүү саналат. Бул милдеттүү тиркеме.

1.3.7. Биргелешкен билим берүү (кош диплом) программаларында окуп жаткан студенттер бир эле учурда өнөктөш окуу жайлардын дагы студенттери болушкандыктан, академиялык мобилдүүлүктүн катышуучулары катары эсептелинет.

1.4. ИПКнын сырткы жана ички академиялык мобилдүүлүгү жана иш сапарлары декандын (директордун) макулдугу менен белгилүү бир мөөнөткө кызматтык тапшырмаларды аткаруу, илимий изилдөө жүргүзүү, иш сапарда болуу ж.б. үчүн командировкага жиберүү, ал эми студенттердики окуу жүктөмдөрүн аткаруу үчүн ректордун (проректордун) буйругуна ылайык жүргүзүлөт. Муну менен катар алардын академиялык мобилдүүлүгү КРдин Эмгек кодексине жана Билим берүү жөнүндөгү мыйзамына, Билим берүү жана илим министрлигинин нормативдик документтерине жана ОшМУнун уставына каршы келбөөсү зарыл.

1.5. Ал эми чет өлкөлүк студенттердин жана окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгү "КРдин аймагына кирүү жана КРдин аймагынан чыгуу тартиптери" жөнүндөгү мыйзамдардын талаптарына, миграциялык кызматтын эрежелерине ылайык камсыздалат.

1.6. Бул Жобого өзгөртүүлөр, толуктоолор ОшМУнун административдик кеңешинин чечиминин негизинде ректордун буйругу менен киргизилет.

## 2. Академиялык мобилдүүлүктүн максаты жана милдеттери

2.1. ОшМУнун эл аралык илимий-билим берүү мейкиндигине интеграцияланышына жол ачып, билим берүүнүн сапатын жана илимий

изилдөөлөрдүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу, ички, сырткы интеграциялык байланыштарды жана тажрыйба алмашууну күчөтүү, эл аралык эмгек рыногунда студенттердин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыздоо ж.б. академиялык мобилдүүлүктүн **максаты** болуп саналат.

2.2. Академиялык мобилдүүлүктү ишке ашыруу төмөнкү **милдеттерди** алдына коет:

- академиялык мобилдүүлүк жүргүзүү үчүн чет өлкөлүк жана ата мекендик окуу жайлар менен эки тараптуу кызматташуу келишимдерин түзүү;
- академиялык мобилдүүлүктү каржылоочу фонддор, программалар, ассоциациялар ж.б. уюмдар менен иш алып баруу;
- академиялык мобилдүүлүк программаларын иштеп чыгуу (жайкы/кышкы мектептерди, форумдарды, конференцияларды ж.б. уюштуруу);
- студенттерди жана окутуучуларды өнөктөш окуу жайларга жиберип, алардан келген өкүлдөрдү кабыл алып, окуу процессин уюштуруп берүү.

## 3. Академиялык мобилдүүлүктү жүргүзүүнүн негиздери

3.1. Студенттердин жана ИПКнын төмөндө аталган формалардын бири боюнча ишке ашуучу академиялык мобилдүүлүгү КРдин Эмгек кодексине, Билим берүү жөнүндөгү мыйзамга, КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин нормативдик документтерине, ОшМУнун уставына жана бул Жобого каршы келбөөсү керек.

3.2. ОшМУдагы студенттердин жана ИПКнын академиялык мобилдүүлүгү төмөнкү пункттардын негизинде жүргүзүлөт:

- Мамлекеттер аралык келишимдерге, жиберүүчү окуу жай (мындан ары – ЖибОЖ) түзгөн келишимдерге, долбоорлорго, университет мүчө болгон ассоциациялардын, консорциумдардын жоболоруна ылайык;
- КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин, Эразмус+, Мевлана, ДААД, ITEC, УШОС, Орхун, Ош декларациясы ж.б. студенттик алмашуу жана биргелешкен билим берүү жана кош дипломдуулук программаларынын алкагында;
- стажировкадан, илимий, өндүрүштүк практикадан (ошонун ичинде тил курстарынан) өтүү, конок лекцияларды окуу, тренинг-сабактарды, мастер-класстарды өткөрүү, илимий изилдөө жүргүзүү, долбоорлордун семинарларына, эл аралык конференцияларга, квалификациясын жогорулатуу курстарына, жайкы жана кышкы мектептерге, лагерлерге, форумдарга ж.б. катышуу үчүн башка ЖОЖдордон, илимий жана коомдук уюмдардан, конференциялардын уюштуруу комитеттеринен келип түшкөн жекече чакыруу каттардын негизинде;
- студенттин жана ИПКнын башка билим берүү мекемелерине орун которуулары жана сапарлары алардын жекече демилгелери боюнча ж.б.

3.3. ОшМУнун бардык студенттери, ИПКсы чет өлкөлүк (ата мекендик) окуу жайларга академиялык мобилдүүлүк боюнча чыгып келүү укугуна ээ. Алардын академиялык мобилдүүлүгүн ишке ашыруунун жана камсыздоонун жалпы эрежелери, максаттары жана милдеттери Болон декларациясынын негизги

принциптерине дал келет.

3.4. ЖОЖдор ортосундагы алмашуулардын алкагында жүргүзүлгөн окуунун натыйжаларын таануу билим берүүнүн европа кредиттик системасына (ECTS) таянылат.

3.5. Факультеттердин деканаттары, эл аралык байланыштар боюнча координаторлор (мындан ары – ФД) академиялык мобилдүүлүктүн билим берүү программаларынын мазмундук бөлүгүн иштеп чыгышат.

3.6. Өнөктөш-окуу жайда болуу мөөнөтү аяктаган соң академиялык мобилдүүлүк программаларынын катышуучулары өз факультеттерине (колледжерине, институттарына, бөлүмдөргө ж.б.) баалар кредиттик система боюнча көрсөтүлгөн жекече ведомость, транскрипт, сертификат ж.б. документтерди алып келишет. Ал эми ИПК иш сапардан кайтып келгенден кийин аткарган жумуштары, алган тажрыйбалары боюнча презентация жасап, кызматташууну өнүктүрүү боюнча сунуштарын берет. Эл аралык байланыштар департаментине (мындан ары - ЭАБД) да иш сапары туурасында кыскача отчет тапшырат.

## 4. Академиялык мобилдүүлүктүн уюштурулушу

4.1. Ректор менен окуу иштери боюнча проректор академиялык мобилдүүлүк жүргүзүүгө жетекчилик кылат жана ага студенттер, ИПК, университеттин структуралык түзүмдөрү катышат. ЭАБД жалпысынан ОшМУнун студентин жана ИПКсын академиялык мобилдүүлүктүн катышуучусу катары КАОЖго жиберүү жана аларды маалыматтык жактан камсыздоо боюнча жумуштарды координациялайт.

4.2. Академиялык мобилдүүлүктүн катышуучусу катары билим алуу үчүн студентти башка окуу жайга жиберүү маселесин кароо, студенттин декандын атына жазган жекече арызы аркылуу ишке ашат.

4.3. Башка билим берүү жана илимий мекемелердин расмий чакыруу каты академиялык мобилдүүлүктү ишке ашырууга негиз болот.

4.4. Студенттердин академиялык мобилдүүлүгү эрежеге ылайык өз окуу жайындагы окуунун нормативдик мөөнөтүн узартууга алып барбайт.

4.5. Студент өз окуу жайынын билим берүү программасында жок дисциплиналарды КАОЖдо өздөштүргөн учурда, ал дисциплиналар ЖОЖ компоненттери жана тандоо курстары катары кабыл алынат.

4.6. Академиялык мобилдүүлүктө жүргөн учурда студент жана ИПК мамлекет тарабынан чегерилген, ЖибОЖ же КАОЖдор, уюмдар, ишканалар ж.б. сунуштаган бардык стипендияларды же жардамдарды ала алышат.

4.7. Кафедралар профессордук-окутуучулук курамдын штаттык жадыбалын даярдоодо жана педагогикалык окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү учурунда академиялык мобилдүүлүк боюнча башка окуу жайда жүргөн студенттердин контингентин эске алуусу керек.

4.8. Студенттердин жана ИПКнын академиялык мобилдүүлүккө катышуусун уюштуруу иштери структуралар ортосунда төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

**ЭАБД төмөнкүлөрдү аткарат:**

- академиялык мобилдүүлүктүн алкагында конкреттүү жумуштарды аткаруу үчүн ОшМУнун башка структуралык түзүмдөрү менен ич ара тыгыз иштешет;

- ЖибОЖдун студенттери менен ИПКсын академиялык мобилдүүлүк программалары, мүмкүнчүлүктөр жөнүндө маалыматтар менен камсыздап, процессти уюштуруу, анын каражат жактан камсыздалышы ж.б. маселелер боюнча консультацияларды берет;

- өнөктөш ЖОЖдорго байланышка чыгып, алар менен алдын ала сүйлөшүүлөрдү өткөрүп, уюштуруу маселелерин чечет жана мобилдүүлүктүн түрлөрүн камсыздоо боюнча жумуштарды жетектейт;

- окуунун белгилүү мөөнөтүндө академиялык мобилдүүлүккө катышуучуларга бөлүнүүчү квоталарды аныкташ, процессти жүргүзүү үчүн кабыл алуучу тарапка кат менен кайрылат;

- студенттерди жана ИПКларды кабыл алуучу тараптын тастыктамасын (чакыруу катын) алат;

- гранттык, стипендиялык программаларга студенттерди тандап алуу үчүн компетенттүү комиссия түзүп, конкурсту ачык процедуранын чегинде мүмкүнчүлүктөрдү бирдей кароо принциптерине таянып уюштурат. Студенттерди тандоо боюнча маалымат алдын ала жарыяланып, департаменттин сайтына, социалдык тармактарга илет; конкурс (интервью, тестирлөө, сынак алуу) ачык-айкын жүргүзүлөт, студенттердин академиялык катышуу-жетишүүсү (GPA 3төн жогору болуусу зарыл), университеттин жана факультеттин коомдук иштерге катышуусу, кабыл алуучу окуу жай талап кылган тилди билүүсү жана мотивациялык каттардын, резюмелердин мазмундуулугу эске алынат;

- талап кылынган учурда ЖибОЖдун студенти менен КАОЖдын ортосунда окуу жөнүндөгү макулдашууну (Learning agreement) түзүү жана ага кол коюу процесстерин уюштурат;

- декандын билдирүүсүнүн негизинде студенттердин сыртка чыгуу мүмкүнчүлүктөрүн тактагандан кийин кабыл алуучу тарапка кат жолдоп, алардан тийиштүү окуу пландарын жана чакыруу катын алууга көмөктөшөт;

- кабыл алуучу ЖОЖдорго жолдомо катын жибергенге чейин өтүнмө берген студенттердин сыртка чыгуу мүмкүнчүлүктөрүн дагы бир жолу тактайт. Катталып коюп, бирок кийин баруудан баш тарткан студенттерди тизмеден чыгарат;

- чет өлкөлүк өнөктөш окуу жайларынан академиялык мобилдүүлүк программасына катышып жаткан студент жөнүндө маалыматты оозеки же жазуу жүзүндө, алардын окуусунун натыйжаларын камтыган расмий документтерди ала алат. Зарыл учурларда бул кагаздарды орус же кыргыз тилдерине которуп берүүгө көмөктөшөт;

- деканаттар менен биргеликте чет өлкөлүк окуу жайларда болуп келген окутуучулардан презентация жасоону талап кылып, алардын иш сапарынын эффективдүүлүгүн баалайт;

- академиялык мобилдүүлүктөн өтүп келген студенттерден жана ИПКдан интервью алып, аны департаменттин сайтына жана социалдык тармактарга

жайгаштырат.

**ФД төмөнкүлөрдү аткарат:**

- программага катышууну каалаган студенттердин арасында конкурс уюштурат (студенттерди тандоодо алардын окуудагы катышуу-жетишүүсүнө (GPA 3төн жогору болуусу зарыл) жана тил билүү деңгээлине өзгөчө көңүл бурулат, атайын тил курстарын аяктаган, сертификаттары барлар артыкчылыктарга ээ болушат), тандалган студенттерди сунуштайт (1-тиркеме) (билдирүүгө студенттин жекече окуу графиги (ЖОП) (2-тиркеме) тиркелет);

- КАОЖдын расмий чакыруу каты алынган соң, тийиштүү окуу планды КАОЖнын кызматкерлери менен байланышып же сайттан таап алып, ички окуу план менен салыштырып, зарыл болгон учурда кафедра башчылар менен биргеликте студенттин ЖОПун ийкемдүүлүк менен оптималдуу түзөт;

- академиялык мобилдүүлүккө катышкан студент КАОЖдо канааттандыралык эмес баа алган дисциплиналарынын кредиттеринин суммасы 15 кредиттен ашып кетсе, анда ал кайра келгенден кийин ЖибОЖдо белгиленген тартипте окуудан четтетилет;

- эгерде КАОЖдо канааттандыралык эмес баа алган дисциплиналарынын кредиттеринин суммасы 15 кредиттен ашып кетпесе, анда бул карызын ал кошумча (жайкы) семестрде акы төлөөнүн негизинде академиялык карызын өздөштүрүп, жоюу мүмкүнчүлүгү бар;

- ЖибОЖдун кээ бир ЖОЖ компоненттерин жана тандоо курстарын КАОЖдын дисциплиналары менен алмаштырат;

- дистанттык технологияны пайдалануу аркылуу айырма чыккан предметтерден сабак өтүүчү окутуучулар семестр ичинде сапардагы студенттер менен үзгүлтүксүз online, zoom режиминде же ОшМУнун AVN информациялык системасы (http://avn.oshsu.kg) аркылуу байланышта болуп, окуу жараянын окуу-методикалык материалдар менен камсыздап, учурдагы жана аралык текшерүүлөрдү өз учурунда алып, жыйынтык баллдарын ведомостко киргизип, AVN порталына коюп туруусун көзөмөлдөйт;

- студенттерге айырма чыккан предметтерди дистанттык технологияны пайдаланып өздөштүрүүсүн, алар боюнча модулдарды тапшыруу регламентин иштеп чыгып, окуу процессин уюштуруп берүүнү өз мойнуна алат;

- студенттер КАОЖдон өздөштүрүп келген дисциплиналарды жана топтогон кредиттерди (бааларды) анализдейт, алардын транскрипттеринде же сертификаттарында көрсөтүлгөн кредиттерди (бааларды) чегерүү боюнча чечимдерди кабыл алат;

- эгерде тийиштүү документте баалар 100 балдык шкала боюнча так көрсөтүлбөсө, сертификаттагы баалардын дал келишин ЖибОЖдо кабыл алынган шкалага ылайык аныктайт. Аргументтүү жүйөлөрдүн негизинде студенттин академиялык мобилдүүлүктө жүргөн мезгилде алган бааларын тапшырды деп эсептөөдөн баш тартышы мүмкүн;

- тапшырды деп эсептелген предметтер жөнүндөгү маалыматтарды ЖибОЖнын AVN системасына, зачеттук китепчеге, дипломдун тиркемесине киргизет;

- студент кайтып келгенден кийин ДОТту пайдаланып окутулган

дисциплиналар боюнча сынактарды күзгү семестр үчүн жазгы семестрдин биринчи айынын ичинде, ал эми жазгы семестр үчүн жайкы семестр ичинде белгиленген жекече пландын негизинде кошумча акы төлөтпөстөн, окуп тапшырууга шарт түзүп берет;

- мобилдүүлүк боюнча кабыл алынган студенттерди ОшМУнун AVN информациялык порталына киргизет.

**Эл аралык байланыштар боюнча декандын (директордун) орун басары төмөнкүлөрдү аткарат:**

- академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча билим алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө студенттердин арасында кеңири маалымат берүү жана түшүндүрүү (агартуучулук) иштерин жүргүзөт (айына бир жолудан кем эмес), маалыматтарды окуу жайдын веб-сайтына жайгаштырат, "Нур" гезити, "Үмүт" телевидениеси аркылуу маалымдап турат;
- факультеттин маалымат пакетин мамлекеттик, англис жана орус тилдеринде иштеп чыгат;
- гранттык негизде академиялык мобилдүүлүк программасына талапкерлердин арасында конкурстук тандоону уюштурууга катышат;
- эгерде студент чет өлкөлүк окуу жайларга барууга талапкер болуп жатса, алардын тил билүү деңгээлин текшерүү үчүн тестирлөө өткөрөт же баарлашуу, чакан экзамен уюштурат (айрыкча орус, англис, кытай ж.б. тилдер боюнча);
- чакыруу катын алгандан кийин кетүүчү студенттер менен багыттоочу иш-чараларды өткөрүп, аларга инструктаж берет;
- студент менен КАОЖдын ортосунда окуу жөнүндөгү макулдашууну түзүүгө катышат;
- деканат менен биргеликте окула турган дисциплиналардын тизмегин аныктайт жана КАОЖдын окуу пландарынын негизинде студенттин ЖОПун ийкемдүүлүк менен оптималдуу түзүүгө катышат;
- ФД жана кафедра башчыларынын жардамында тиешелүү дисциплина боюнча сабак берген окутуучулар менен биргеликте студенттердин КАОЖдо окуп, өздөштүрүп келген дисциплиналарын, топтогон кредиттерин жана алган бааларын таануу (перезачет, эсепке алуу) иштерин жүргүзүүгө катышат;
- КАОЖдун чакыруу катынын жана түзүлгөн жекече окуу пландардын негизинде студенттерге буйруктардын (жиберилген жана кайтып келген учурда) AiDoc системасы аркылуу өз убагында чыгарылышын камсыздайт жана бул иш-аракеттин кечиктирилишине жол бербейт;
- кафедра башчылары менен биргеликте сапарда жүргөн студенттер менен үзгүлтүксүз байланышта болуп, аларга академиялык консультацияларды берип, алардын окуу процессине мониторинг жүргүзүп турат;
- чет элдик жогорку окуу жайдын өкүлдөрү менен студенттин жетишүүсү, жашоо шарттары жана жекече окуу планын ишке ашыруу ж.б. маселелери боюнча туруктуу кат алышууну жүзөгө ашырат;
- академиялык мобилдүүлүк программаларын факультетте ишке ашыруу боюнча уюштуруунун сапаты үчүн жооптуу;
- факультетте академиялык мобилдүүлүктүн аткарылышы жөнүндө отчетту

ЭАБДга даярдап тапшырат.

**КАОЖ төмөнкүлөрдү аткарат:**

- академиялык мобилдүүлүк боюнча кабыл алынган студенттерге маалыматтык-моралдык колдоо көрсөтүү үчүн кураторлордун арасынан атайын координаторлорду дайындайт. Алар мобилдүү студенттердин кабыл алган окуу жай менен таанышып, адаптацияланышына жардам беришет;

- студенттерге алардын окуу пландарында жок айрым предметтерди online түрдө жекече окутуу мүмкүнчүлүктөрүн караштырат же кээ бир предметтерди дистанттык технологияны пайдаланып окутуу жана модулдарды кабыл алууга уруксат берет;

- жиберген окуу жайдын студенттерин тийиштүү тайпаларга киргизип, өздөрүнүн студенттери менен биргеликте окутат;

- окуунун жыйынтыгы боюнча мобилдүү студенттерге өтүлгөн дисциплиналардын тизмеси, алар боюнча алынган баалар көрсөтүлгөн жеке ведомостторду, транскрипттерди, сертификаттарды ж.б. документтерди берет;

- эки тараптуу кызматташтык келишимине ылайык, кабыл алган студенттерге академиялык мобилдүүлүк уюштургандыгы үчүн акы албайт.

**ЖибОЖ төмөнкүлөрдү аткарат:**

- сырттан мобилдүүлүктөн өтүп келген студенттердин мамлекеттик стандартта жок предметтер боюнча топтогон кредиттерин жиберген окуу жай ЖОЖ компоненттери жана тандоо курстары катары тааныйт;

- бюджеттик негизде окуган студенттер академиялык мобилдүүлүктө жүргөн мезгилде алардын стипендияларын толугу менен сактап берет;

- КАОЖдо окулган курстарды жана топтолгон кредиттерди ЖибОЖ жана анын тийиштүү түзүмдөрү тааныйт жана тапшырылды деп эсептейт;

- эгерде ИПК өз демилгеси менен башка ЖОЖдорго же уюмдарга иш сапарга барса, ага документтерин даярдоого көмөктөшөт жана аны өз эсебинен каржылануучу өргүүгө сунуштайт;

- студенттердин жана ИПКнын КАОЖго баруусун тийиштүү буйрукту чыгаруу менен камсыздайт.

**Студент төмөнкүлөрдү аткарат:**

- академиялык мобилдүүлүккө катышуу үчүн өз окуу жайы келишим түзгөн каалаган билим берүү же илимий мекемени, өз алдынча тандап, окуй турган дисциплиналарынын тизмесин аныктап, андан аркы уюштуруу маселелерин чечүү үчүн ЭАБДга же факультеттин деканына арыз берет. Арызда сыртка чыгуу максаты, тандаган окуу жайы, курсу, окутуунун тили, адистиги, болжолдонгон каржылоо булагы ж.б. көрсөтүлөт;

- керектүү документтерди (ЖОП (дистанттык технология менен окутулуучу дисциплиналардын тизмесин дагы өзүнө камтууга тийиш), ата-энесинин макулдук каты (гарант-кат (6-тиркеме)), транскрипт, анкета (5-тиркеме), мотивациялык катты, жарандыгын аныктаган документтин көчүрмөсүн ж.б., зарыл болгон учурда чет тилдерди билүүсүн күбөлөндүрүүчү документти (сертификат) ЭАБДга алып келип тапшырат;

- академиялык мобилдүүлүктү ишке ашыруу үчүн ЖОПту программа

жетекчиси, декандын (директордун) окуу иштери боюнча орун басары менен макулдашкан соң деканга бекиттирип, ЭАБДга берет;

- жогоруда көрсөтүлгөн процедуралар аткарылгандан кийин гана КАОЖго баруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот;

- КАОЖдо же илимий мекемеде, алардын эрежелерине ылайык кабыл алуунун административдик процедураларынан өтүшөт жана алардын эрежелерин сактап, тартибине баш иет;

- академиялык мобилдүүлүк боюнча КАОЖго барган соң, кеңеш алуу үчүн атайын дайындалган координаторго жолугуп, бул жерде окуй турган дисциплиналар менен өз окуу жайындагы окуу пландын предметтеринин дал келүүсүн, айырма чыккан сабактарды кайра карап чыга алат жана талап кылынган документтерди тапшырат;

- КАОЖдордун окуу пландары алынбай калган учурда студенттер өздөрү барып, окулуучу дисциплиналардын тизмегин аныктап, декандын окуу иштери жана эл аралык байланыштар боюнча орун басарларына, программа жетекчисине байланышка чыгып, ЖОПту түзөт. Ошондой эле бекитилген ЖОПту өзгөртүү боюнча өз факультетинин деканына арыз менен кайрыла алат;

- ЖОПунда көрсөтүлгөн дисциплиналарды өздөштүрүүгө милдеттүү, анын ичинде кээ бир дисциплиналарды ЖибОЖдо дистанттык окутуу технологиялары: AVN системасынын, Zoom, Google classroom тиркемесинин мүмкүнчүлүктөрү аркылуу online билим алуу укугуна ээ;

- КАОЖдо академиялык мобилдүүлүктүн мөөнөтү аяктаган соң бир айдын ичинде өздөштүргөн дисциплиналардын жана башка сабактардын аталыштары, топтогон кредиттери, алган баалары камтылган ведомостторду, транскрипттерди, академиялык маалым каттарды жана сертификаттарды деканатка алып келип берип, отчет тапшырат;

- КАОЖдогу академиялык мобилдүүлүктүн жыйынтыктарын эсепке алуусу үчүн факультеттин деканынын атына өзүнүн окуу планына дисциплиналарды (айрым учурларда ЖОЖ компоненти жана тандоо курстары катары) коштуруу жана топтогон кредиттерин жана алган бааларын тапшырды деп эсептөө жөнүндө арыз жазат. Арызга алып келген ведомостун, транскриптин жана сертификатын тиркейт;

- контракттык негизде окуп жаткан студент адаттагыдай эле келишимдик акыны өзүнүн окуу жайына толугу менен төлөп, КАОЖдо бекер билим алып келет. Контракттык төлөмдөн карызы бар студенттер алмашуу программаларына катыша алышпайт. Ал эми бюджеттик негизде окуган студент КАОЖго академиялык мобилдүүлүк үчүн акы төлөбөйт (айрым окуу жайларды кошпогондо);

- академиялык мобилдүүлүктөн өтүп келгенден кийин ЭАБДга келип сырттан алган таасирлери, топтогон тажрыйбалары тууралуу ой бөлүшүп, сапары боюнча отчет (4-тиркеме), башка студенттерге мотивация болуучу интервьюларды берет;

- академиялык мобилдүүлүктөн кайтып келгенден кийин ЖибОЖдогу дисциплиналарын ийгиликтүү жаап алса, анда кезектеги семестрде кайрадан мобилдүүлүккө катышууга укугу болот.

- Студенттердин алмашуу программаларына катышуу тартиби төмөнкүдөй:

Бакалавриат боюнча:

1) 1-курстун студенттери экинчи семестрден баштап, ички (чет өлкөлүк эмес) окуу жайларга чыгарылат.

2) 2-курстун биринчи семестринен бүтүрүүчү курстун акыркы семестрине чейин мобилдүүлүккө катышууга болот.

Магистратура боюнча:

3) академиялык мобилдүүлүк 2-3-семестрлерде жүргүзүлөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн чектөөлөр семестрдик мөөнөткө карата көрсөтүлдү. Алар кыска мөөнөттүү алмашууларга тиешелүү эмес.

Колледжин студенттери 1-курстун экинчи семестринен бүтүрүүчү курстун 1-семестрине чейин мобилдүүлүккө катыша алышат.

**ИПК төмөнкүлөрдү аткарат:**

- илимий-изилдөө боюнча тажрыйба алмашып, стажировкадан өтүп келүү, конок лекция окуу, квалификациясын жогорулатуу жана эл аралык конференцияларга, тренингдерге, семинарларга, жайкы/кышкы мектептерге ж.б. катышуу максатында чет өлкөгө жана өлкө ичинде иш сапарга жиберилүүсү ректордун буйругунун жана чакыруучу тараптын расмий документинин негизинде жүргүзүлөт. Бул үчүн ЭАБДга төмөнкү документтерди алып келет:
- өз колу менен ректордун атына жазган арызы;
- чакыруунун көчүрмөсү;
- чет өлкөгө сапарга чыгуу мезгилинде сабактарын алмаштырып туруу жөнүндөгү кафедра башчынын маалыматы жана декандын макулдугу;
- окутуучунун жана кызматкерлердин арызы төмөнкүдөй тартипте макулдашылат:
- кафедра башчысы;
- факультеттин деканы;
- долбоордун жетекчиси (эгер сапар илимий долбоордун алкагында каржыланса);
- илимий иштер боюнча проректор;
- КАОЖдо же илимий мекемеде, алардын эрежелерине ылайык кабыл алуунун административдик процедураларынан өтүшөт жана алардын эрежелерин сактап, тартибине баш иет;
- чет өлкөгө же өлкө ичинде болгон сапарын өтөп келгенден кийин 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде бухгалтерияга иш жүзүндө тарткан акчалай чыгашалар боюнча алдын ала отчет берет (эгер сапар университет тарабынан каржыланса), мындан сырткары сапардын жыйынтыгы боюнча отчетту кафедраларда талкуулап, факультетте презентациялайт;
- кыска мөөнөттүү жана жыйынтыгы ЖОЖдун рейтингдик системасына таасирин тийгизген сапарлардан сырткары учурларда өз демилгеси менен башка ЖОЖдорго же уюмдарга жеке иш сапары менен чыга алат. Мындай учурда сапар чыгымдары чакыруучу тараптын, демөөрчүлөрдүн жана жеке өзүнүн каражаттарынын эсебинен төлөнөт.

## 5. Академиялык мобилдүүлүктүн маалыматтык жактан камсыздалышы

5.1. Академиялык мобилдүүлүктү маалыматтык жактан колдоо боюнча жумуштарды уюштуруу жана тескөө ЭАБДнын кызматкерлери жана декандардын (директорлордун) эл аралык байланыштар боюнча орун басарлары ишке ашырышат.

5.2. Академиялык мобилдүүлүктү ишке ашыруунун эрежелери жана процедурасы жөнүндөгү маалыматтар студенттерге жана ИПКга жайылтылат.

5.3. ЭАБДнын кызматкерлери кызматташуунун учурдагы абалы, өнөктөш окуу жайлар менен түзүлгөн келишимдер, меморандумдар туурасында жетекчиликке, ИПКларга жана студенттерге маалымат берип турушат.

5.4. ЭАБД кызматташуу келишимдери түзүлгөн өнөктөш ЖОЖдордун тизмесин (алардын сайттары, электрондук даректери, телефон номерлери ж.б. маалыматтарды менен көрсөтүү) ЭАБДнын сайтына регулярдуу жүктөп турат. Керектүү учурда кызматкерлердин электрондук почталарына дагы жиберет.

- ЭАБД эки тараптуу кызматташуу келишимдеринин негизинде кабыл алуучу чет өлкөлүк жана ата мекендик окуу жайлардын квоталары, алар түзгөн мүмкүнчүлүктөр жана академиялык мобилдүүлүк программалары, студенттер өздөрү түздөн-түз катыша ала турган стипендиялык программалар, берилген мүмкүнчүлүктөр туурасындагы маалыматтарды, жарыяларды, кулактандырууларды департаменттин сайты, социалдык тармактар (facebook, instagram, whatsapp, telegram ж.б.), “Нур” гезити, “Үмүт” телевидениеси аркылуу берип, студенттер менен ИПКны жеткиликтүү формада оз убагында камсыздап турат.

5.5. Кулактандыруулар жана жарыялар академиялык мобилдүүлүк боюнча, анын процедурасы, шарттары, мөөнөтү, катышуучуларга коюлуучу талаптар, кандидаттарды тандап алуунун критерийлери, тийиштүү шилтемелер ж.б. туурасында керектүү маалыматтарды камтып, кыска формада берилүүсү абзел.

5.6. Ар бир окуу жылынын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлгөн академиялык мобилдүүлүк боюнча ЭАБД маалыматтардын статистикалык базасын түзүп, анын презентациясын сайтка, YouTube каналына жүктөйт жана жылдык отчетко киргизет.

## 6. Академиялык мобилдүүлүктүн финансылык жактан камсыздалышы

6.1. Академиялык мобилдүүлүк программалары:

- мамлекеттер аралык келишимдердин негизинде каралган жана республикалык бюджеттик каражаттардын;
- ЖибОЖнын бюджетинин;
- Эразмус+, Мевлана, ДААД, ITEC сыяктуу кредиттик мобилдүүлүк долбоорлорунун;
- долбоорлордун, чет өлкөлүк фонддордун, университеттердин, эл аралык уюмдардын, жеке ишкерлердин, демөөрчүлөрдүн, кайрымдуулук фонддордун, социалдык өнөктөштөрдүн ж.б. каражаттарынын;

- кабыл алуучу жана чакыруучу тараптын казынасынын;
- катышуучулардын жеке каражаттарынын эсебинен каржыланат.

6.2. Студент же ИПК чет өлкөгө кирүү визасын чет өлкөлөрдүн Кыргызстандагы (же жакынкы башка өлкөдөгү) консулдук мекемелерине кайрылышып, өз алдынча алышат.

6.3. Негизинен академиялык мобилдүүлүктүн катышуучулары окууда же иш сапарда болуусу үчүн акы төлөбөйт.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**

**Окуу иштери боюнча проректор** **З.С. Божонов**

**Эл аралык байланыштар деиартамеитинин директору** **А.О. Абдувалиев**

**Окуу бөлүмүнүн башчысы** **И.Н. Атабаев**

**Пландоо-финансылык Бөлүмүнүн начальниги** **З. Пусур Тегин**

**Юрист** **М. Кушубакова**

**Жалпы бөлүмдүн башчысы** **Т.К. Ибраимов**

**Түзүүчү:**

**Академиялык мобилдүүлүк бөлүмүнүн башчысы** **С.М. Амиралиев**